**ОРОЗАЛИЕВА М.М.**
**nbknu@mail.ru**

# АПРЕЛЬ ОКУЯЛАРЫНАН КИЙИНКИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЯСЫЙ ЛИДЕРЛИКТИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 1. Лидер деген ким?

Лидер бул кырдаалды байкап, жеке жана топтун иш-аракеттерин туура жолго салып, өзүнүн жактоочуларын ийгиликке алып келген адам. Жалпысынан алганда, лидердин милдеттери түзүлгөн абалды баалап анализдөө (талдоо), жалпы топтун атынан алдыга коюлган иш-аракеттердин,максаттардын багытын аныктоо жана топтун баардык өкүлдөрүнүн күчтөрүн коюлган максаттарды аткарууга жыйноо болуп эсептелинет.

Кандай гана топ болбосун, ал топтун жетекчиси, лидери болот. Жетекчини "өйдө" жактан дайындашса, лидер ар дайым "төмөн" жактан шайланат жана элдин колдосуна ээ болот. Фрацуз изилдөөчүсү Ж.Блодельдин аныктамасы боюнча, лидер – бул "өйдө" жактан дайындалганына же "төмөн" жактан шайланганына карабастан топту башкарууга жөндөмдүү болгон адам [1].

Демек, жогоруда келтирилген мисалдарды аныктап жатып, лидер деген ким деген суроого төмөнкүдөй аныктаманы келтирсек болот: лидер бул лидерлик сапаттарга ээ болгон, учурдун талабына карата өзүн көрсөтө алган жана жактоочулардын талаптарына жооп берген адам болот.

**Саясый лидерликтин түрлөрү**

Лидерликтин түрлөргө бөлүнүшүнүн ар кандай принциптери жана негиздери бар. Кыргызстанда төмөнку лидерликтин түрлөрүн атап кетсек болот, бул бийликтин башында турган лидерлер жана оппозиция, сол, оң жана ортодо тургандар, демек идеологиялык багыты боюнча - социал-демократиялык, либералдык жана консервативдик, деп бөлсөк болот.

Советтик мамлекетте партиялык, профсоюздук жана комсомолдук башкаруу тажырыйбасы бар саясый лидерлер болгон. Булардын арасында кээ бирлери учурдун жаңы талаптары менен демократиялык көз караштарды чагылдырса, азчылыктары коммунистик көз караштары менен калган (мисалы: Масалиев А., Усубалиев Т. ж.б.).

Дагы бир түрү деп «демократиялык толкунда» «чоң саясатка» келген лидерлер, көбүнчө ар кандай тармактарда: илимий интеллегенциядан, кызматчылардан, жумушчулардан ж.б. (мисалы: Жекшеев Ж.Ж, Текебаев Ө.Ч., Атамбаев А.Ш., Сариев Т., Турсунбай Бакир уулу, Бабанов О. ж.б.).

Бийликте турган лидерлерди эки түргө бөлсөк болот: «туурасынан» жана «тикесинен». Биринчи топко аткаруу бийликтин лидерлери (Президент – Отунбаева Р.И., жана премьер-министрди, Президентин аппаратынын башкаруучусу, министрлер); мыйзам чыгаруу бийлигинин лидерлери -депутаттар, саясый партиялардын лидерлери, сот бийлиги Конституционалдык жана Жогорку соттордун төрагалары.

Экинчи топко жергиликтуу администрациялардын башкаруучулары, регионалдык лидерлер - губернаторлор, өз алдынча башкаруу органдардын лидерлери кирет. Кыргызстанда регионалдык проблемалардын негизинде лидерлер «түндүк», «түштүк» деген бөлүнүүсү бар, мына ошол себептен регионалдык лидерлер өзүлөрүнүн региондорунда эл тарабынан чоң колдоого ээ.

Айта кетсек, бийликте турган лидерлер кээде жүргүзүлүп жаткан реформаларга оппозицияда турушу мүмкүн. Мисалы, мурдагы бийлик учурунда Отунбаева Р., Атамбаев А.Ш., Текебаев О.Ч., – депутаттар көбүнчө жүргүзүлүп жаткан реформаларга өзүнүн сын-пикирлерин дайыма айтып турушат.

Кыргызстанда 1990-жылдан кийин оппозиция лидерлердин пайда болушу, айтор озубузчо эркин мамлекет болгондон тартып бийликке болгон он жана терс ойлор ачык айтыла баштады. Өзгөчө 7- апрель элдик революциядан кийин лидерге айланган адамдардын саны кобойо баштады, жана ар кандай жолдор менен жеке озун коргозуп же жеке кызыкчылыгы учун же болбосо чындап мамлекетибиз учун куйгон лидерлердин өсүшү жумурай журтка белгилүү. (Ушул себептерден улам) Оппозициялык лидерлерге төмөнкү партияларды киргизсек болот: «Ата-Мекен» (Текебаев Ө.Ч.), «Ар-намыс» (Кулов Ф.), социал демократтар, партиялары ж.б. себеби ушул өңдөнгөн партиялардын арасында көптөгөн бийликке болгон ар кандай ачык айкын сын көз караштар айтылып келген.

Ал эми, биздин демократиялык жолду тандап алган мамлекетибизде оппозициялык лидерлер сөзсүз түрдө керектүү нерсе.

2010-жылдын парламенттик шайлоолордун жыйынтыгынын негизинде парламентке беш саясый партиялардын лидери болгон өкүлдөрү көрсөтүлгөн. Алар: «Ата-Журт» партиясы, лидери Ташиев К., Кыргызстандын социал-демократтык партиясы лидери Атамбаев А.Ш., «Ар-Намыс» лидери Кулов Ф.Ш., «Республика» лидери Бабанов О., «Ата-Мекен» лидери Текебаев Ө.Ч.

Көбүнчө саясый лидерлер социал-демократиялык багыттагы реформаларды, б.а. көбүнчө экономиканы мамлекет тарабынан башкаруусу, социалдык программалардын кеңейтүүсүн көздөйт.

Сөзүмдү жыйынтыктап жатып заманбап учурда саясый лидер кандайдыр бир институттан тышкары кароого болбойт (мамлекеттик, партиялык). Ошол себептен демократиялык коомдо реалдуу көп партиялуу системанын орношуусу зарыл. Реформаларды жүргүзүү үчүн саясый партиялардын активдүү болушу жана эл арасында кадыр баркы өсүшү зарыл. Саясый партиялардын өнүгүүсү саясый лидерликтин институциялашынын эң негизги шарты (1).

**Адабияттар:**


1. Артыкбаев М.Т. Институционализация политических систем постсоветских республик; методология исследования. – Бишкек, 2002.
2. Артыкбаев М.Т., Артыкбаев А.М. Политическая система в «открытых» и «закрытых» обществах (сравнительный анализ). – Бишкек, 1998.
3. Акунов А.А., Ибраева В. Адам укугу. – Бишкек, 1998.
4. Саясат адамтану илими: Окуу китеби. – Бишкек, 2009.
5. Малабаев Ж.М. Бишкек – столица Кыргызстана. – Бишкек, 2001.
6. Малабаев ЖМ. История государственности Кыргызстана. – Бишкек, 1998.